**Протокол 5**

**Табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын жыйыны**

**Дата:** 22.12.2025-ж.        **Убакыты:** 15:00
**Катышкандар:** 28 адам

**Күн тартиби:**

1. Аккредитацияга даярдык үчүн ОМКны жана окуу-методикалык материалдарды өз убагында тапшыруу боюнча графиктин аткарылышы.
2. Окутуучулардын студенттер менен тарбиялык иштеринин иш-план боюнча аткарылышы
3. Ар түрдүү маселелер.

## 1-суроо боюнча.

**Угулду:** кафедра башчысы, ф.и.к., доцент **Р.О. Юсупова**, жакын арада аккредитация боло тургандыгы жөнүндө бардык окутуучулар кабардар экендигин баса белгилеп, предметниктер документтерине так болуп, ким кайсыл стандартка бөлүнсө активдүү катышууну айтты.

**Сүйлөөгө чыгышты:**

- **Муратов Ж.К.** — кафедра башчынын сөзүнө кошулам, баарыбыз бир киришип, кызматташтыкта, теӊ жабыла аккредитацияга даярданбасак болбойт. Баарыӊыздар аккредитациядан өтүп жүргөнсүздөр ОМКсин толуктап, кандай документтер керек экендиги жөнүндө тажрыйбаӊыздар бар. Баарыӊыздарды биргеликте активдүү аракет менен жакшы өтүп алууга чакырат элем деген, сөзү менен жыйынтыктады.
- **Момунова А.А.** — жогорудагылардын сөзүнө толук кошуларын айтып, аккредитациядан өтүүдө документтерди сайтка жайгаштыруу да негизги экендигин баса белгиледи.

## 2-суроо боюнча:

**Угулду:** кафедра башчысы **Р.О. Юсупова,** окутуучулардын студенттер менен тарбиялык иштеринин иш-план боюнча аткарылышы жыл башынан кафедранын тарбия боюнча жооптуу Абдуллаева Б.А. эжекеге тапшырылгандыгын жана ушул иш боюнча кандай иш-чаралар жүргүзүлүп жаткандыгы жана анын биринчи жарым жылдык эсеп-кысабын берүүсүн талап кылды.

**Сүйлөөгө чыкты:**

- **Осмонова К.Ж.** — кафедрада предметниктер үчүн студенттер менен тарбиялык иш-чараларды да чогу алып жүрүү, окутуучулардын негизги милдети катары эсептелерин айтты.

- **3-суроо боюнча:**

**Ар кандай маселелер**

3.1. ОЭАМУнун административдик кеңешинде 2025–2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгын жыйынтыктап жатып, кафедрадан эки окутуучуга университеттин алкыш жана ардак грамотасын берүү жөнүндө.

**Угулду:**
Кафедра башчысы, филос.и.к., доцент Юсупова Р.О. сөз сүйлөп, кафедрадан эки окутуучуга гана ардак грамотасы ыйгарылары каралганын маалымдады. Ошондой эле, бул сыйлыктардын ээлери белгилүү критерийлердин негизинде кафедра башчысы жана кафедра мүчөлөрү тарабынан көрсөтүлүшү керек экендигин эскертти.

**Сөз сүйлөгөндөр:**

1. **Көчкөнбаева С.И.** – кафедрада жыл этегинде окутуучулардын аткарган кызматтарын эске алып, сыйлык тапшыруу – бул, жакшы жөрөлгө экендигине баа берип, мындай коомдук маданий-массалык иш-чараларды уюштуруп, активдүү чыгармачылык жагын көрсөтө алган окутуучу катары К.Ж. Осмонованы жана таалыкпай эмгектенген Н. Ботобекованы ардак грамотасына сунуштоону туура көрдү.
2. **Абдуллаева Б.А.** – сөзгө чыккан окутуучуларга кошулаарын айтып, жогорудагы окутуучуларды көрсөтсө туура чечим боло тургандыгын жана бардык кафедра мүчөлөрүн колдоп берүүлөрүнө чакырды.
3. **Юсупова Р.О.** – негизинен мындай тандоого баары эле макул боло тургандыгын жарыялап, кафедра башчы катары өзү да колдогондугун баса белгиледи.

**Токтом кылынды:**

1. Аккредитацияга даярдык үчүн ОМКны жана окуу-методикалык материалдарды өз убагында тапшыруу предметниктерге жүктөлүп, окуу-методикалык иштери боюнча жооптуу окутуучунун көзөмөлүнө алынсын.
2. Кафедрадагы окутуучулардын студенттер менен тарбиялык иштеринин жүргүзүлүшү жана анын иш-планга дал келиши, тарбия боюнча жооптуу окутуучунун көзөмөлүнө алынсын, эсеп-кысабы тапшырылсын.
3. 2025–2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгын жыйынтыктап жатып, кафедра окутуучуларынан К.Ж. Осмонованы жана Н. Ботобекованы университеттин ардак грамотасына сунушталсын.
4. Жогоруда көрсөтүлгөн сунушту университеттин Окумуштуулар кеңеши колдоп берсин.

**Кафедра башчысы, ф.и.к., доцент:** Р.О. Юсупова.

**Катчы:** Алдашбек кызы Нагима.